**Кара-Балта шаарындагы №2 орто мектебинин «Мамлекеттик тилдин өнүгүшү» боюнча 2022-2023-окуу жылындагы кыргыз тилчи мугалимдеринин анализи**.

Кыргыз тилин орус мектебинде окутуунун эң башкы максаты окуучуларды кыргызча сүйлөшүүгө үйрөтүү, кыргыз элинин тарыхын, маданиятын, каада-салтын, жаратылышын жана жашоо-турмушун билүүгө кызыктыруу.

Кыргыз тилин үйрөнүү боюнча төмөнкүдөй шарттагы окуу тапшырмалары мерчемделген:

1. Ата Мекенди сүйүү,жаратылышка аяр мамиле кылуу.

2. Мамлекеттик коомдук-саясаттагы жаңылыктар боюнча маалыматтар менен таанышуу.

3. Балдарды ар бир улуттун өкүлүн сыйлоого, урматтоого тарбиялоо.

4.Өзүн-өзү тарбиялоо жана башкаруу.

2022-2023-окуу жылында усулдук бирикме бекитилген план боюнча иш-чараларды аткарып жатабыз.

Усулдук бирикмеде кыргыз тили мугалимдеринин аткарган иштери көп.Мугалимдерге окуучуларды олимпиадага даярдоо,алдыңкы жана жетише албаган окуучулар менен иштөө, кыргыз тили сабагы боюнча билим деңгээлин жогорулатуу,тест иштерин жүргүзүү боюнча иштерди аткаруу милдеттендирилди.

1.Жанышбаева АйнагульТалантбековна

Кыргыз тили сабагын жогорку,орто жана башталгыч класстарга берет.Сабакта ар бир балага жекече мамиле жасайт. Окуучулардын сүйлөө кебин өстүрүү үчүн тексттерди, жомокторду, кошумча адабияттарды колдонот.

2.Момбаева Мунай Сабыровна

Кыргыз тили сабагын ортонку жана жогорку класстарга берет.Балдардын оозеки кебин өстүрүү үчүн жомоктордон, чыгармалардан үзүндүлөрдү ар дайым колдонуп келет. «Кыргыз тили» кабинети методикалык жактан жооп берген көрсөтмө куралдар, адабий китептер, бүктөм китептер менен жабдылган.

3.Мукашева Назгуль Алмаскановна

Кыргыз тили сабагын башталгыч жана жогорку класстарга берет. Сабак берүүдө окуучуларды ынтымактуулукка, биримдикке, тазалыкка, балдарды тартиптүү болууга үндөйт.Бекитилген план боюнча ачык сабак,тарбия сааттарды өз багында өткөрөт. Окуучулар арасында ар түрдүү конкурстарды өткөрүп келет.Мектептеги иш-чараларга ар дайым активдүү катышат.

4.Исмаилова Акинай Мендибековна

Кыргыз тили сабагынан башталгыч жана жогорку класстарга берет. Сабак берүүдө интерактивдүү методдорду көп колдонот. Семинарларда доклад окуйт. Асык сабактарды мыкты деңгээлде өтөт.

5.Рахманова Ратха Жумадиловна

Кыргыз тили сабагын орто жана башталгыч класстарга өтөт. Өз сабагында синквейн, кластер ыкмаларын колдонот.Окуучуларга кыргызча макал-лакаптарды, жаңылмачтарды айттырып,чыгармадан үзүндү көрсөтүүгө көнүктүрүп келет. План боюнча өз убагында ачык сабак көрсөтүп,тарбиялык саат өттү.

Сунуш киргизүү.

Кыргыз тили сабагында окуучуларды сөздүк менен иштетүү. Окуучуларды билимине жараша баалоо.

6.Шералиева Лариса Токтосуновна

Кыргыз тили сабагын башталгыч класстарда берет. Окуучуларды туура,кооз жазууга үйрөтөт.Сөздөрду туура айттыруу максатында ар кандай ырларды көрсөтөт.Жат жазуу иштерин өз убагында аткарат, окуучулардын дептерлерин өз убагында текшерет.

Сунуш киргизуу.

Сабакта ар түрлүү ыкмаларды колдонуу, окуучулардын билимин туура баалоо. Ар бир темага ылайык дидактикалык куралдарды даярдоо. План боюнча ачык сабак өткөрүү.

7.Белекбаева Гульсина Калиловна

Кыргыз тили сабагын жогорку,орто жана башталгыч класстарга өтөт.

Жогорку жана орто класстардын окуучулары үчүн тесттик иштерди, текст менен иштөө ыкмаларын колдонот. Башталгыч класстардын окуучулары үчүн ар түрлүү сүрөттөрдү, мультфильмдерди көрсөтүү менен сабакка кызыктырат, сүйлөө кебин өнүктүрөт. План боюнча өз убагында ачык сабак, тарбия сааттарын өткөрүп турат.Окуучуларды ар түрдүү конкурстарга даярдайт.Мектеп ичиндеги иш-чараларга активдүү катышат.

Усулдук бирикменин мугалимдери сабакты эффективдүү окутуунун жаңы ыкмаларын, технологияларын колдонууга аракет кылып келишет.

Кыргыз тили сабагында негизги талаптар:

●Окуучуларга кыргыз тилин үйрөтүүдө алардын окууга болгон кызыгуусун арттыруу.

●Интерактивдүү ыкмаларды көбүрөөк колдонуу.

●ТСО менен иштөө.

●Окуучулардын кебин өстүрүү үчүн кептин түрлөрү менен иштөө. Мисалы:көрүп түшүнүү,окуп түшүнүү, угуп түшүнүү жана жазуу иштери.

●Тест иштерин ар дайым жүргүзүү.

●Сабактын темасына байланыштуу таркатма курал колдонуу.

●Кыргыз тили кабинеттеринде көрсөтмө куралдарды жаңылантуу.

Усулдук Бирикменин жетекчиси: Альчикеева Бегайым Талайбековна